Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылдын 6-июнундагы № 199 буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин бош административдик мамлекеттик кызмат орундарына кадрлар резервинен дайындоо тартиби**

1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигин (мындан ары – Министрлик) кыйла даярдалган кесипкөй кадрлар менен камсыздоо максатында иштелип чыкты.

2. Бош административдик мамлекеттик кызмат ордуна дайындоо Министрликтин кадрлар резервинен турган адамдардын ичинен же мыйзамдарга ылайык ротация тартибинде министр тарабынан жүргүзүлөт.

3. Министрликте административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылар Министрликтин тийиштүү буйругун чыгарбастан, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинин алардын иш стажына шайкеш тобуна (башкы, улук жана кенже) автоматтык түрдө киргизилди деп эсептелет.

4. Адамдын потенциалына болгон аяр мамилени камсыздоо жана Министрликтин кесипкөй кадр курамын сактоо максатында бош административдик мамлекеттик кызмат орундарына дайындоо, биринчи кезекте, Министрликтин конкурстук комиссиясынын төрагасынын сунуштамасы боюнча бош административдик мамлекеттик кызмат орундарынын квалификациялык талаптарына шайкеш келген, Министрликте административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылардын арасында жүргүзүлөт.

5. Министрликте административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылардын арасында талапкерлер жок болгон учурда, бош административдик кызмат ордуна дайындоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү тартиби жөнүндө жобонун 5-пунктунун 2 жана 3-пунктчаларына ылайык Министрликтин кадрлар резервине киргизилген адамдардын ичинен жүргүзүлөт.

6. Министрликтин кадрлар бөлүмү Министрликтин кадрлар резервине киргизилген адамдарга бош кызмат орду түзүлгөндүгү тууралуу резервисттердин электрондук почталарына жиберүү аркылуу бош кызмат ордун ээлөөгө арыз берүү мөөнөтүн көрсөтүү менен билдирет.

7. Эгерде бош административдик мамлекеттик кызмат ордун ээлөөгө кадрлар резервине киргизилген, бош административдик мамлекеттик кызмат ордун ээлөөнүн квалификациялык талаптарына шайкеш бир нече талапкерлер болсо, конкурс өткөрүлөт.

8. Ички кадрлар резервине киргизилген талапкерлердин ичинен Министрликтин бош административдик мамлекеттик кызмат ордун ээлөөгө конкурс өткөрүү Министрликтин конкурстук комиссиясына (мындан ары – конкурстук комиссия) жүктөлөт.

9. Конкурс өткөрүү төмөнкүдөй этаптарды өзүнө камтыйт:

- практикалык тапшырма жана эссе;
- аңгемелешүү.

10. Конкурстук комиссиянын катчысы конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнө жана Министрликтин бош административдик мамлекеттик кызмат ордун ээлөөчү талапкерлерге телефон байланышы жана/же электрондук почта аркылуу конкурс өткөрүлө турган күн жана убакыт жөнүндө билдирет.

11. Конкурс бир күндө өткөрүлөт.

12. Практикалык тапшырманы жана эссени аткарууга 60 мүнөт берилет.

13. Практикалык тапшырманы жана эссенин темасын конкурстук комиссия аныктайт жана алар бош кызмат орду боюнча фунционалдык милдеттерге шайкеш келүүгө тийиш.

14. Практикалык тапшырма жана эссе талапкерлер тарабынан жазуу жүзүндө аткарылат.

Практикалык тапшырма – берилген суроого толук жооп.

Эссе – анча чоң эмес көлөмдөгү жана белгилүү бир темада эркин жазылган дил баян.

15. Практикалык тапшырманы жана эссени жазуу үчүн кагаз талапкерлерге конкурстук комиссиянын катчысы тарабынан жаза турган күнү берилет жана ал анын төмөнкү оң бурчуна ведомстволук мөөр коюлган А4 форматында болууга тийиш.

16. Талапкерлердин практикалык тапшырмасы жана эссе конкурстук комиссия тарабынан төмөнкүдөй параметрлер боюнча 10 баллдык шкалада бааланат жана арткы бетине коюлат (параметрлердин мазмуну 1-тиркемеде):

- мазмуну жана позициясы;
- толуктугу;
- далили, логикалуулугу;
- түзүмү;
- баяндоо.

17. Талапкерлердин практикалык тапшырманы жана эссени жазуу жол-жобосун уюштуруу Министрликтин кадрлар бөлүмүнө жүктөлөт.

18. Конкурстук комиссиянын ар бир мүчөсү ушул Тартиптин 16-пунктунда көрсөтүлгөн параметрлерге ылайык баалоо жүргүзөт жана аларды ушул параметрлердин санына бөлөт.

19. Талапкердин практикалык тапшырма жана эссе үчүн алган баллы суммаланат жана баллдын суммасын талапкерди баалоого катышкан конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн санына бөлүү аркылуу орточо арифметикалык белги чыгарылат.

20. Аңгемелешүү Министрликтин конкурстук комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

21. Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө конкурстун катышуучуларынын жеке жана кесиптик сапаттары жана алардын келечектеги иши жөнүндө түшүнүктөрү, күтүүлөрү, мотивациялары аныкталат.

22. Бир эле топтогу кызматтарга талапкер болгон талапкерлерге бирдей (окшош) суроолор берилет. Башка жагдайларды тактоо зарыл болсо, кошумча суроолор берилиши мүмкүн.

23. Аңгемелешүүнүн этабында конкурстук комиссиянын мүчөлөрү тарабынан 1ден 5 баллга (5 кошулат) чейин талапкерлерди баалоо жүргүзүлөт. 2-тиркемеге ылайык форма боюнча аңгемелешүүнүн баалоо бланктары талапкерлердин тизмеси менен комиссиянын катчысы тарабынан берилет.

24. Аңгемелешүүдө талапкер алган балл суммаланат жана баллдын суммасын талапкерди баалоого катышкан конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн санына бөлүү аркылуу орточо арифметикалык белги чыгарылат.

25. Конкурстун бардык этаптарынын жыйынтыгы боюнча конкурстук комиссия талапкердин практикалык тапшырма, эссе жана аңгемелешүү үчүн алган баллын суммалоо аркылуу баллды аныктайт.

26. Конкурстук комиссиянын катчысы эсептөөлөрдү жүргүзөт жана аларды конкурстук комиссиянын кароосуна берет.

27. Жыйынтыктар ушул Тартиптин 3-тиркемесине ылайык форма боюнча протокол менен таризделет. Протоколго конкурстук комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кол коюшат.

28. Эң жогорку балл алган талапкер Министрликтин бош административдик мамлекеттик кызмат ордуна дайындоого көрсөтүлөт.

29. Эң жогорку балл алган талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштама Министрликтин конкурстук комиссиясынын төрагасы тарабынан киргизилет.

30. Ушул Тартип менен жөнгө салынбаган маселелер конкурстук комиссия тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү
министрлигинин бош административдик
мамлекеттик кызмат орундарына кадрлар
резервинен дайындоо тартибине
1-тиркеме

| **№** | **Практикалык тапшырманы жана эссени баалоо параметрлери** | **Минималдуу сапат** | **Мыкты сапат** | **Балл** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Мазмуну жана позициясы | контекст берилген эмес же белгилүү бир позиция көрсөтүлгөн эмес | так тезис же позициянын так билдирүүсү жакшы уюштурулган эсседе ырааттуу негизделген; * салмактуу аргумент жана аны колдогон маалымат берилет; * бардык маанилүү маселелер каралат; * талдоо жана ынанымдуу тыянактар берилет; * концептуалдык каталар жок | |
| 2. | Толуктугу | документтер гана айтылган же документтердин үзүндүлөрү берилет | теманын бардык бөлүмдөрүнө бирдей көңүл бурулат; · зарыл болгон учурда ар кандай көз-караштар талданат жана жыйынтыкталат, маселе терең каралат · * кошумча тиешелүү маалымат колдонулат | |
| 3. | Далили, логикалуулугу | колдонулган маалыматтын көбү так эмес, көйгөй түшүнүксүз | жеке маалыматтарды коргоо боюнча зарыл жана так тарыхый жана/же юридикалык жана/же Конституциялык маалымат берилет | |
| 4. | Түзүмү | уюштуруу жок жана түзүм көрүнбөйт | жакшы жана так түзүмдөлгөн эссе | |
| 5. | Баяндоо | Механикалык, орфографиялык, стилистикалык, пунктуациялык каталар түшүнүүнү кыйындатат | ачык, так жана/же жандуу тил колдонулат, орфографиялык, стилистикалык, пунктуациялык каталар жок же өтө аз | |

Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү
министрлигинин бош административдик
мамлекеттик кызмат орундарына кадрлар
резервинен дайындоо тартибине
2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү
министрлигинин бош административдик мамлекеттик кызмат ордуна кадрлар
резервинен дайындоого талапкердин
____________________________________________аңгемелешүүсүн
баалоо

______________________________________________

«___» _________20__-ж. Бишкек ш.

| № | Суроолор | Баалоо балл менен (1-5) |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |
| 3 | | |
| 4 | | |
| 5 | | |
| | **Баллдын жыйынтыгы:** | |

_________________________ *Талапкерди баалоо (Бардык балл)*

_________________________ *(Комиссиянын мүчөсүнүн аты-жөнү)*

_________________________ *(Колу)*

Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү
министрлигинин бош административдик
мамлекеттик кызмат орундарына кадрлар
резервинен дайындоо тартибине
3-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин бош административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлердин практикалык тапшырмасынын, эссенин жана аңгемелешүүнүн жыйынтыктарынын протоколу**

Датасы "___" ___________ 202__ -ж. Убактысы: ______________ Бишкек ш.

| № | Аты-жөнү | Практикалык тапшырманын жана эссенин баллы | Аңгемелешүүнүн жыйынтыгы боюнча балл | Жалпы балл | Орду |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кадрлар бөлүмүнүн башкы адиси** | | | | | |
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

Конкурстук комиссиянын төрагасы:____________________________ _______________
(Фамилиясы жана инициалы) (колу)

Конкурстук комиссиянын катчысы:______________________________ _______________
(Фамилиясы жана инициалы) (колу)

**Комиссиянын мүчөлөрү:**